КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин I -чакырылышынын XII-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 06-апрель **№27** Барскоон айылы

**Барскөон айылынын тургуну Б.Кошалиевге жеке турак жай салуу үчүн жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесинин 3-4-пунктарына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" 2022-жылдын 31-майындагы №291-токтомуна ылайык, Барскоон айылынын тургуну Б.Кошалиев тууралуу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Калыковдун жана жер, муниципалдык менчик, жайыт жана айыл чарба маселелери боюнча башкы адиси И.Исашовдун билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айылынын тургуну Б.Кошалиевге айылдын эски алма бак аймагынан жеке турак жай салуу үчүн 0,06 га жер тилкесин бөлүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Б.Кошалиевге бөлүнгөн жер тилкесинин бекитилген чектик өлчөмүн Жети-Өгүз райондук жер мунапысын жүргүзүү комиссиясына сунуштоо жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 31-майындагы "Жер мунапысын жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү" тууралуу №291-токтомуна ылайык тиешелүү иштерди алып баруу жагы Барскоон айыл өкмөт башчысы А.С.Калыковго тапшырылсын.
3. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска